Өзгөн райондук БЧБнун
директору У.Абжапаровага
Ж.Маматжанов атындагы
№58 орто мектебинин тарбиялык
иштеринин уюштуруучусу
Солпуева Сабилеттин
2020-2021- окуу жылындагы аткарган
иштери боюнча

# Маалымат.

2020-2021-окуу жылынын башталышында «1-сентябрь –Билим күнүнө» карта берилген тарбиялык сааттарды 1-класстарга мектепте өткөрүлдү, калган класстарга онлайн дистанттык түрдө тарбиялык сабактар өткөрүлдү.
Кыргыз тил жана адабияты сабагынын мугалими- Токтосунова Акмарал окуучулар менен биргеликте «Кыргыз тили-улуу тил » зуумдан онлайн түрүндө Мамлекеттик тилдин 31 жылдык майрамына карата конференция өттү. Класс жетекчилер тарбиялык сабактарды түрдүү программада жасалма сабактарды Токтомушова С. Чолукова М. Сыргабаева Д. Примбердиева Ж. Арыкбаева Ж. Мурзакматова Т.Мурзакматова Айгулдөр өтүштү.
Мектептин ачылышында ар бир мугалим өз кааналарын жасап , окуучуларды жаңы мектептин ачылышы менен куттукташты. Мектептин ачылуу аземине ,Ош облусунан, Райадминмстрациядан өкүлдөр , РайБББ башчысы А.Ү.Бакышев агайлардын катышуусу менен ата –энелер,аксакалдар ак батасын ,белектерди берүү менен биздин сүйүнүчүбүзгө ортоктош болуп куттуктап ачып беришти.
«Карысы бардын- ырысы бар» демекчи карылыр күнүнө ватсаптан сабактарды жөнөтүп , куттукташты.
Мугалимдик кесип ээлерин да ар кандай вариантта куттукташты.
Күз майрамдарын дагы онлайн сабакта өтүп , ар түрдүү жемиштерден кооз көргөзмөлөрдү өткөрүштү.
Ар бир мугалим класстан тышкаркы аткарган иштерин иншот , твиенти классруум , зуумдан мисалы «Убакытты максатка ылайык колдонуңуз» А, Токтосуновалар өткөрүп жатышат.
Буйруктарды аткарууга алып Коронавирустан сактануу жолдорун окуучуларга , ата-энелерге түшүндүрүү иштерин класс жетекчилер: повер поинт,ватсап, иншот,тривенти программалары аркылуу маалымдап турушат.
Ал эми 1-класстарга өздүк аптечкалар уюштурулган, дезинфекцияланып турат.
Класс жетекчилердин 1-чейректеги аткарган иштери портфолиолорун тапшырган мугалимдер: Примбердиева М, Жоробаева У, Сыргабаева Д, Нуржанова М,Адылбекова Ж, М Чолуковалар болушту.
Каникулда жол эрежесин сактоону, китеп окууну , ар тараптан өз билимди өнүктүрүү боюнча изденүү жолдорун кдасс жетекчилер ватсап аркылуу жеткирүүдө.
Экинчи чейректин башында окуучулардын , мугалимдердин , техкызматкерлердин ден соолугунун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, дезинфекцияланып , ар бир жаран антисетиктер менен беткап менен келүүсүн класс жетекчилерге милдеттендирилди.

Scanned with CamScanner

МЖУнун катарына “Манаска” -10, “Семетейге”- 22, “Сейтекке”- 33 окуучулар онлайн түрүндө кабыл алдык.

Күз, “Менин –Мекеним “ , Ч.Айтматовдун чцыгармачылыгы жана баскан татаал турмуштун оош-кыйышта алдын ала табияттка катаал мамиле жасап жаткан адам баласынын турмуштагы мамилеси тууралуу сынактарга кара сөз менен катышкан окуучулардын сынагын Примбердиева Мээрбан өткөрдү. Ачык сабактарды Токтосунова А, Чолукова М ,Адылбекова Жанылдар окуучулар менен биргеликте тарбиялык сааттардын түрлөрүн өтүштү. Тарых мугалими - Мамытов “ Сен укугуңду билесиңби” деген темада тегерек стол өттү.

Кылмыштуулуктун , Зордук-зомбулуктун, Суициддин , рекетчиликтин , диний экстремизмдин алдын алуу боюнча ИДН менен ата-энелер , окуучулар менен биргеликте түшүндүрүү жыйынын өттүк.

“3-декабрь-Майыптар күнү, СПИД-жугуштуу оору –сактануунун жолун билгиле” суроо –жооп, түшүндүрүү сабагын бардык класстын класс жетекчилери аткарышты.

“Мен- ден соолугумду чыңдайм , спорт ден соолукту чыңдайт “ дене тарбия сабагынан класстан тышкаркы сабактарды аралыкты сактоо менен өткөрүштү. “Энелер мектебинин “ сабактарын зуумда ватсапта , аралыкты сактоо менен сабактарды өткөрүшүүдө.

Мугалимдер арасында декадалар , семинар сабактар өткөрүлүүдө.

Жазган мектептин тарбиялык иштерди уюштуруучусу- Солпуева Сабилет.

Scanned with CamScanner